# Кыялдар орундалат




Автор: Жибек Абдыраманова

Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Кыялдар орундалат

Автор: Жибек Абдыраманова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кыялдар орундалат" (кыргыз тилинде), автор Жибек Абдыраманова, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, которгон Талгат Деркембаев

*Мечты сбываются*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0.
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Адина, мектепке кечигип каласың. Үйдөн чыгышыбыз керек, – деп таенем менин бөлмөмө кирип келди.

Мен “Алдыга бир кадам” деген тасманы кайра-кайра көргөндү жакшы көрөм. Мага  тасмадагы  бийчилердин бийлеген стилдери аябай жагат. Эң эле жаккан жери – алардын жамгырда бийлегени. Мен да алар менен чогуу бийлеп жатканымды элестете берем.


Мектепке эки саатта жетем. Шаарда ыңгайсыз тепкичтер аябай көп болуп, менин убактымды алат.  Кээде эрикпеш үчүн тепкичтерди санай берем:

– Бир тепкич, эки тепкич, үч тепкич...

Мектептеги жарыя тактасынын алдында балдар  кулактандырууну окуп, талкуулап жатышыптыр. Мен да кызыгып арасына кирип, жарыяны окудум.

*“Үмүт – Надежда” мектебинин 20 жылдыгына*
*карата таланттар үчүн конкурс!*
*Катышып –  өнөрүңдү көрсөт!*





Сахнада прожектордун жарыгы мага тийгенин, жагымдуу музыка жаңырып, бийлегенимди  элестеттим.

Кыймылым назик жана ийкемдүү. Көрүүчүлөр тынчтанып көрүп, бардыгы мага шатырата кол чаап жатышат.

– Адина, жүрү, сабакка кечигебиз! – деди классташым Марина колуман тартып, кыялданып турган маалда.

Биринчи сабак биология сабагы болчу. Бирок Валентина Фёдоровнанын ордуна биздин дене тарбия мугалимибиз Эрмек агай кирип келди.

– Балдар, жакында мектебибизде таланттардын конкурсу болорун билесиңерби? Мен бийчилер тобуна балдарды тандап жатам. Каалоочулар жазылсаңар болот.



Танаписте балдар боло турган конкурсту талкуулап жатышты. Бири цирк, бири музыкалык аспаптар менен өнөрүн көрсөткүсү келет. Ырдагысы келгендер да бар экен.

Сабактар бүткөндөн кийин, мени алып кеткени таенем келди.

– Бир тепкич, эки тепкич, үч тепкич...

Таенем күндүн кандай өткөнүн сурады. Мен үшкүрүнүп, эч нерсе деп жооп берген жокмун.

– Адина, эмне болду? Маанайың чөгүп турат, – деди таенем.

– Таене, мектепте таланттар үчүн конкурс жарыялашыптыр. Эрмек агай бий номерин даярдайт экен. Мен бийлегенди абдан жакшы көрөм. Дайыма кыялдана берем. Бийчилердин тобуна кошулгум келет. Бирок мен бийлей албайм да.

– Адина, сен мектепке жаңы барганда окуп-жазганды билчү белең?

– Жок, билчү эмесмин.

– Кызым, көрдүңбү, сен бардыгын мектептен үйрөндүң. Бийди деле үйрөнөсүң. Бүгүн бийлегенди билбейсиң. Бирок аракет кылсаң, өзүң жактырган тасмадагы бийчилердей эле бийлеп каласың.



Мен түнү бою таенемдин айтканын ойлонуп чыктым. Кийинки күнү Эрмек агайдан мени да топко жазып коюуну сурандым.


Машыгуулар ошол эле күнү сабактардан кийин башталды.

Кечке чейин брейк-дансты үйрөнөбүз. Бул үчүн колдорду машыктырыш керек. Анткени алар денеңдин салмагын кармайт да.

Топто төртөөбүз: Эрмек агай, Бекен, Азиз жана мен.

Мага аябай эле оор болду. Тез-тез жыгыла бердим, колдорум калчылдайт десең.

Бирок сахнада кооз бийлеш керек деген ой менин кайрат-күчүмдү арттырып турду.





Тынымсыз машыгуулардын үч жумасы артта калды. Колдоруума кубат кирип, элүү жолу эңкейип-түртүлгөн  деңгээлге жеттим. Сабакка да жетишип жаттым. Кыйналганымдан, таланттар конкурсуна жазылбай эле койсом болмок экен деген ой да келип жатты.

Сахнага чыкканда, кыймылдарды унутуп коёмбу деп корком. Анда мен бүт команданы уят кылам да.

Түндө түш көрдүм. Сахнага чыгып, кыймылдарды унутуп калып, аткара албай жатыптырмын. Түнү бою кыйналып чыктым.

Эртеси спорт залга Эрмек агайга бардым.

– Эрмек агай, мен конкурска катышпайм. Колуман эч нерсе келбейт окшойт, – дедим.

– Адина, сен бийдин мааниси эмнеде экенин билесиңби?


– Жок.

– Ооба, таланттар конкурсу – маанилүү иш-чара. Бирок андан да маанилүүсү бийлеген бийиңен кубаныч жана ыракат алуу эмеспи.

Зал ичи аябай ысык. Эл көп. Биздин команда: Эрмек агай, Бекен, Азиз жана мен болуп сахнага чыктык. Биз чыкканда жарык сахнага берилди. Ошентип брейк-дансты баштадык.

Эрмек агай ортого чыгып, башы менен тегеренип бийледи. Залда отурган көрүүчүлөрдүн бардыгы суктанып карашып, тыптынч болуп калышты.

Андан соң Бекен чыкты. Ал жерде туурасынан кеткен толкунду туурап, бүткүл денеси менен кыймылдады.





Мына, Азиз экөөбүздүн да кезегибиз келди. Мен арабаман түшүп, брейк-дансты колдорумдун жардамы менен бийлеп баштадым. Муну кылыш өтө оор. Бетимден тер куюлуп турса да, бийден ыракат алып жаттым.

Ошентип бий да бүттү. Жүрөгүм лакылдап согуп, азыр жарылып кетет го деп ойлодум. Залда тыптынч болуп калды. Бир, эки, үч секунддан кийин зал жарылды. Көрүүчүлөрдүн бардыгы бизге туруп кол чаап жатышты!

Ата-энелер кубаттап кол чаап, классташтарым кыйкырып, ышкырып жатышты. Карасам, таенем бирде ыйлап, бирде күлүп жатыптыр. Бардыгы менин кыялымдагыдай болду: мага прожектордун жарыгы тийип турат. Жанымда турган арабам софиттердин жарыгында жалтырап чагылышып  турду.

Кыялдарым орундалганына өзүмдү ушунчалык бактылуу сезип турдум...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Жибек Абдыраманова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| Класс | Деңгээл |
| --- | --- |
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |